KSB COMMERCIAL BANK
MEMBER OF A SWISS FINANCIAL GROUP

# Аманат салуучунун эсине

Банктык депозиттен акчалай каражаттардын кепилденген пайыздык кирешесин алуу үчүн бардык сунуштарды гана эмес, келишимдин шарттарын дагы артыкчылыктуу чечим кабыл алуу үчүн өзгөчө көңүл коюп карап чыгуу керек.

**Банктык аманат келишимин түзүүнүн шарттары жөнүндө бардык маалыматты кылдаттык менен изилдеңиз**

Аманат салуучу банктык аманат келишимин түзүү шарттары тууралуу зарыл жана анык маалыматтарды алууга укуктуу. Салым келишими боюнча шарттар өзүнө салымдын түрүн (мөөнөттүү, талап боюнча), салымдын суммасын, жайгаштыруу мөөнөтүн, сыйакынын коюмун, мөөнөттүү аманат боюнча мөөнөттү узартуунун шарттарын, мөөнөттүү аманатты толуктоо мүмкүнчүлүгүн жана чегерилген пайыздарды капиталдаштырууну камтыйт.

Банктык аманаттын мөөнөттүү келишимин автоматтык түрдө узартууда сыйакынын коюмун өзгөртүү тартибине өзгөчө көңүл буруу зарыл.

**Банктык аманат келишимин түзүү.**

Банкта банктык аманат келишимин түзүүдөн мурун аманат салуучу төмөнкүлөргө көңүл буруусу зарыл:

- банктын лицензиясынын болушу;
- каржы мекемесинин ишенимдүүлүгү (каржылык абалы, Кыргыз Республикасынын рыногундагы абалы, КРнын Улуттук банкынын экономикалык ченемдеринин аткарылышы);
- депозиттер боюнча пайыздык чендер;
- тейлөө тарифтеринин өлчөмү;
- сайттын болушу.

Депозиттер боюнча маалыматты банктын өзүнөн, буклеттерден же телефон аркылуу, ошондой эле банктагы жана анын бардык филиалдарындагы маалымат такталарынан алууга болот.

**Артыкчылыктуу чечим кабыл алуу, бир кыйла жагымдуураак шарттарды тандоо үчүн рыноктогу сунуштарды изилдөө жардам берет**

Аманат салуучу ошондой эле Кыргыз Республикасынын “Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө” Мыйзамына ылайык кепилденген учур келгенде аманаттар боюнча пайыздарды кошкондо, ар бир аманатчыга жалпысынан 1 000 000 сомдон ашык эмес компенсация төлөнөөрүн да билиши керек.

**Маалымат үчүн:** Гарантиялык учур-бул, банктык аманат келишимине ылайык компенсацияланууга тийиш болгон депозиттин Кыргыз Республикасынын “Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө” Мыйзамында каралган учурларда депозиттерди коргоо системасынын катышуучусу-банк тарабынан төлөнбөгөн жагдайлар.

**Банктык аманат келишимине кол коюу**

Кардардын талабы боюнча келишим мамлекеттик же расмий тилде (тилди тандоо укугу менен) түзүлөт. Банктык аманат келишимине кол коюудан мурун аманат салуучу аны кылдаттык менен изилдеп чыгышы керек. Келишимдин шарттарына, депозит боюнча пайыздарды эсептөөнүн жана төлөөнүн тартибине, тараптардын укуктарына жана милдеттерине көңүл буруусу шарт.

Аманат салуучу депозит салгандан кийин анын колунда анын эсебине акча каражаты келип түшкөнүн тастыктаган документ болушу керектигин эстен чыгарбашы керек. Бул документ банктык аманат келишиминин шарттарына ылайык акча каражаттары кайтарылганга чейин сакталууга тийиш.